**Колдонулган адабияттар**

1. Арстанбеков М. Изденүүнүн издери. – Фрунзе, 1981.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек: “Сорос-фонд”, 1996.
4. Даутов К. Жаш сынчы. – Фрунзе: “Кыргызстан” басмасы, 1981.
5. Даутов К. Жаңы чектерге. – Фрунзе: “Кыргызстан” басмасы, 1980.
6. Даутов К. Мезгил сыны жана мен. – Бишкек, 2004.
7. Каимов К. Тандалмалар. – Фрунзе: “Адабият”, 1996.
8. Абыкеев Ч. Кызыл көйнөкчөн келин. – Бишкек, 2021, 208 б.
9. Абыкеев Ч. Бриллиант жылан. – Бишкек: “Жанызак” басма, 2012, 400 б.
10. Абыкеев Ч. Тандалган чыгармаларынын III томдук жыйнагы: 1-том. Бриллиант жылан. – Бишкек, 2011.
11. Режим доступа: https://www.youtube.com/watch?v=qwN6neyB5qU, https://www.youtube.com/watch?v=AFAbhLLuAvc.
12. Абыкеев Ч. Тандалган чыгармаларынын III томдук жыйнагы: 2-том. Кызыл көйнөкчөн келин. – Бишкек: “Бийиктик”, 2011.
13. Абыкеев Ч. Тандалган чыгармаларынын III томдук жыйнагы: 3-том. Кыргыздын үч ыйыгы. – Бишкек: “Бийиктик”, 2001.

УДК 8:80
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-178-183

**Үкүева Б.К.**
Ош мамлекеттик университети
**Укуева Б.К.**
Ошский государственный университет
**Ukueva B.K.**
Osh State University

SPIN-код: 7429-4060

# УЛУУ ОКУМУШТУУ – ТЕМИР УСТАНЫН БАЛАСЫ
# ВЕЛИКИЙ УЧЕНЫЙ - СЫН КУЗНЕЦА
# THE GREAT SCIENTIST IS THE SON OF A BLACKSMITH

**Кыскача мүнөздөмө:** Белгилүү тилчи, түрколог, “Манас” изилдөөчү, коомдук ишмер, чыгаан педагог – Болот Мураталиевич Юнусалиев карапайым үй-бүлөдөн чыгып, эмгекчил, мээнеткечтиги менен коомдук иш менен бирге илим тармагына киришип анын ысык суугуна каныгып, тилчи катары Кыргыз ССРинин агартуу министирлигинин аппаратында иштеп жүргөн кезинде кыргыз мектептери үчүн кыргыз тили жана адабияты боюнча окуу программаларын жана окуу китептерин түзүүгө, редакциялоого, үзгүлтүксүз окуу китептерин кыргыз тилине которууга, УАМсогуш мезгилинде марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын которууга активдүү катышкан. Кыргыз тилин изилдөө тарыхында биринчи болуп, элдик кыргыз адабий тилинин калыптанышын, өнүгүшүн

мезгилдерге бөлүнүшүн аныктаган. Болот Мураталиевич, түрколог катары тил илиминде биринчи жолу түрк жана монгол тилдеринин салыштырма-тарыхый материалдарынын негизинде кыргыз тилинин тарыхын элдин тарыхы менен бирге байланыштуулугун изилдеп чыгып, аны “Кыргыз диалектологиясы” эмгегинде чагылдырган. Улуу окумуштуу ”Манас” изилдөөчү катары эпоско байланыштуу бир топ проблемаларды козгогон макалалары жарыялаган. Чындыгында окумуштуу ”Манас” эпосун – кыргыз элинин духовный байлыгынын баа жеткис эстелиги гана катарында изилдебестен, жалпы элдик тилдин оозеки эстелиги катарында да изилдөөгө алган. Айрыкча “Манас” эпосунун бириктирген вариантына жазган баш сөзүндө эпостун чыгыш доорунун пайда болушу жана өнүгүшү тууралуу өзүнүн илимий ойлорун далилдүү аргументтер менен ортого салган. Ошондой эле өмүрүнүн аягында Болот Мураталиевич, окумуштуу катары “Манас” эпосун изилдөө, жарыяоо багытында көптөгөн эмгектерди жаратуу менен эпосту изилдөөгө эң чоң салым кошкондугу аталган макалада баяндалат.

**Аннотация:** Известный лингвист, тюрколог, исследователь “Манаса”, общественный деятель, педагог Болот Мураталиевич Юнусалиев, выходец из простой семьи, трудолюбивый, кропотливый, наряду с общественной деятельностью занимался наукой, будучи лингвистом, работал в аппарате Министерства просвещения Киргизской ССР, составлял и редактировал учебные программы и учебники по кыргызскому языку и литературе для кыргызских школ, принимал активное участие в переводе на кыргызский язык в военный период произведений классиков марксизма-ленинизма. Первым в истории изучения кыргызского языка определил периодичность формирования и развития литературного языка. Болот Мураталиевич, как тюрколог, впервые в лингвистике на основе сравнительно-исторического материала тюркского и монгольского языков исследовал взаимосвязь истории кыргызского языка с историей народа и отразил ее в работе “Кыргызская диалектология”. Как исследователь ”Манаса” великий ученый опубликовал ряд статей, затрагивающих проблемы, связанные с эпосом. Ученый исследовал эпос "Манас" не только как бесценный памятник духовного богатства кыргызского народа, но и как устный памятник общенародного языка. В частности, в предисловии к объединенному варианту эпоса "Манас" изложил свои научные взгляды на возникновение и развитие эпоса в Восточную эпоху с научной аргументацией. Также в конце жизни Болот Мураталиевич, как ученый, внес наибольший вклад в изучение эпоса “Манас", издав множество работ, что отражено в данной статье.

**Abstract:** A well-known linguist, turkologist, researcher of “Manas”, public figure, teacher – Bolot Muratalievich Yunusaliev, a native of a simple family, hardworking, painstaking, engaged in science together with public activities, soaked in its hot cold, being a linguist, worked in the apparatus of the Ministry of Education of the Kyrgyz SSR, was engaged in the compilation and editing of curricula and textbooks on Kyrgyz language and literature for Kyrgyz schools. He took an active part in translating into the Kyrgyz language, during the war, the works of classics of Marxism-Leninism. He was the first in the history of the study of the Kyrgyz language to determine the periodicity of the formation and development of the literary language. Bolot Muratalievich, as a turkologist, for the first time in linguistics, on the basis of comparative historical material of the Turkic and Mongolian languages, investigated the relationship of the history of the Kyrgyz language with the history of the people and reflected it in the work “Kyrgyz Dialectology”. As a researcher of Manas, the great scientist has published a number of articles dealing with a number of problems related to the epic. Indeed, the scientist studied the epic "Manas" – not only as an

invaluable monument of the spiritual wealth of the Kyrgyz people, but also as an oral monument of the national language. In particular, in the preface to the combined version of the epic "Manas" presented his scientific views on the origin and development of the epic in the Eastern era with reasoned arguments. Also at the end of his lifeepic “Manas", having created many works in the publishing direction, which is briefly reflected in this article.

**Негизги сөздөр:** окумуштуу-түрколог; лингвист; манасовед; педагог; диаилектолог; коомдук ишмер.

**Ключевые слова:** ученый-тюрколог; лингвист; манасовед; педагог; диалектолог; общественный деятель.

**Keywords:** scientist-turkologist; linguist; Manas scholar; teacher; dialectologist; public.

**Киришүү.** Болот Мураталиевичтин өз колу менен жазган өмүр баянында ал эски Пишпекте 1913-жылы 6-октябрда азыркы Кичи-Кемин районунун Кичи-Кемин кыштагында (Үч Урук) туулган, Ал бир жашка чыкканда ата-энеси Кичи-Кеминге көчүп келип, ошол жерде алар өмүрүнүн акырына чейин жашап турушат [7, с.3].

Адегенде ушул жогоруда аты аталган кыштактагы орто мектептен, 1926-жылы интернаттан, 1927-30-жылдары Ташкент шаарындагы политехникалык техникумдан, 1930-31-жылдары рабфактан, 1931-33-жылдары Москвадагы пединституттан окуйт. Аны толук бүтпөй 1933-35-жылдары Кыргыз ССРинин эл агартуу Наркоматындаинспектор болуп иштейт. 1935-38-жылдары Москвадагы ВКП9б) БКнын жогорку партиялык курсунан окуйт. 1938-41жылдары “СССР Жогорку Советинин веддомстволорунун” кыргызча басылышынын редактору болуп иштөө менен СССР ИАнын Тил институтунда аспирантурада окуп, 1938-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өтөт.

1941-45-жылдары УАМсогушка катышып 3-Беларус фронтунда казак тилинде чыгуучу фронттук “Красноармейская правда” газетасынын аскерий кабарчысы, редакторунун орун басары болуп кызмат кылат. 1945-жылы армиялык демоблизациядан кийин (1945-51) Кыргыз ССРинин эл агартуу министри, “Мугалимдерге жардам” журналынын редактору болуп жүрүп, 1949-жылы филология илимдеринин кандидаты даражасына, 1954-жылы докторлук даражага ээ болот. Ушул жылы ачылган Кыргыз ССринин ИА ачылганда ага анык мүчө катары академик болуп шайланат. Улуу окумуштуу 1960-жылдан өмүрүнүн аягына чейин Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили илими кафедрасынын профессору жана ИАнын “Манас” секторунун илимий кызматкери болуп иштеп ат көтөргүс эмгектерин артына калтырган кайталангыс инсан.

**Колдонулган методдор**

Илимий баяндама формасында ишке ашты.

**Талкуу жана натыйжалар**

Киришүүдө белгиленгендей «Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» эмеспи Улуу окумуштуу Болот Юнусалиев Чүйдүн Кемин районундагы Үч-Урук (азыркы Кичи Кемин) айылында темир устанын үй-бүлөсүндө 1913-жылы 6-октябрда жарык дүйнөгө келип, ата тарбиясын алып тарбияланып, чоңойгон бала кичинесинен зирек өскөндүктөн бул мүнөздүк касиетин байкаган ата баласын билим алып сабаттуу кылуу максатында башталгыч классты айыл мектептен алдыртып, кийин Токмоктогу мектеп интернаттан окутуп, андан кийинки билимин Ташкенттен, Москвадан улантууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Бирок, тагдырдын жазмышы экен “балам билим алсын” – деп алыс мектепке ат менен ташыган атасы дүйнөдөн

кайтып (1933), окумуштуу үй-бүлөнүн улуусу болгондуктан, артындагы туугандарын багуу вазийпасы башына түшүп, Москвадагы окуусун таштап, Эл агартуу комиссариатында иштеп, жакындарын багууга туура келген.

Жогоруда белгилегендей согуш башталгандан тарта анын ативдүү катышуучусу болуу менен улуу окумуштуу фронттук басылманын кабарчысы жана редактору болуп эмгектенген. Согуш бүткөнчө жарыяланган газета кыргыз, орус жана казак тилинде жоокер окурмандарга сунушталып турган. Согуш бүткөндөн баштап, 1945-51-жылдары Кыргыз ССРинин элге билим берүү министри, 1954-жылы филология илимдери боюнча доктору, ошол эле жылы Кыргызстандын Илимдер академиясынын алгачкы академиги болуп шайланып, 1954-60-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети) ректору, 1965-70-жылдары Кыргызстан Илимдер академиясынын "Манас" секторунда улук илимий кызматкер болуп иштеп жүрүп, 1970-жылы Бишкек (Фрунзе) шаарында дүйнөдөн кайтып, сөөгү "Ала-Арча" көрүстөнүнө коюлган. Өкүнүчтүү жери артында бала калган эместиги, бирок артында урук улаары калбаса да, анын илим айдыңында калтырган эмгеги окумуштууну улуулук даражасына жеткирип, атын өчүрбөй “түбөлүктүүлүктүн” серпантинине чыгарып отурат. Өзгөчө кыргыз элинин рухний байлыгынын туу чокусу, чалкыган океаны, энциклопедиясы, элдик педагогикасы, маданияты, этика менен эстетикасы, Улуу Кыргыз көчмөн цивилизациясы болгон “Манас” эпосу жөнүндөгү изилдөөлөрү эпосту изилдөөчүлөр жана жалпы эле эпоско кызыккан окурмандар үчүн эң сонун маалымат жана таяныч болуп калды.

Улуу окумуштуунун биринчи 1952-жылы "Кызыл Кыргызстан"газетасынын 12-майда "Манас" эпосунун доору жана келип чыгышы жөнүндө маселеге карата" деген макаласы жарык көрүп, анда эпостун келип чыгыш доору тууралуу өзүнүн негиздүү ойлорун айтып, көпчүлүктүн, ошонун ичинде илимпоз окумуштуулардын көңүлүн буруп эпостун элдүүлүгүн алардын таануусуна өбөлгө болгон. Анткени ал мезгилде эпоско байланыштуу көптөгөн талаш-тартыштардын арааны ачылып турган мезгил болуучу. Ошол толкунга карама каршы туруп, эпостун элдүүлүгүн сактап калууга жан дили менен киришкендердин бири катары жогоруда аталган макаласын кеңейтип, терeңдетип 1952-жылы Фрунзеде орус окумуштууларынын катышуусунда Манас" эпосун изилдеп үйрөнүүгө арналган конференцияда "Манастын" элдүүлүгүн тануу аракетин көздөгөн айрым докладчыларга каршы жарыш сөзгө чыгып, эпостун элдүүлүгүн сактап калууга өз салымын кошкон патриот окумуштуу болуп саналат.

Улуу окумуштуу Кыргызстан Илимдер академиясынын "Манас" секторунда улук илимий кызматкер болуп иштегенден баштап, "Манас" эпосун изилдөөгө баш оту менен киришип, "Манастын" курама вариантын түзүүгө активдүү катышкан. Бул вариантты түзүүдөгү тажрыйбалык иш-аракеттер окумуштуунун "Манас" эпосунун кошмо вариантын түзүүнүн тажрыйбасы жөнүндө" (Об опыте создания сводного варианта эпоса "Манас"), “Кыргыздын баатырдык эпосу "Манас" ("Кыргызский героический эпос "Манас", 1961) аттуу жыйнакта жарык көргөн көлөмдүү илимий макаласында жана орус тилинде Фрунзе шаарында 1968-жылы жарык көргөн " "Манас" кыргыз элинин баатырдык эпосу" ("Манас" героический эпос кыргызского народа", Фрунзе, 1968) аттуу жыйнакка кирген. "Кыргыздын баатырдык эпосу "Манас" ("Киргизский героический эпос "Манас") – деп аталган эмгегинде окумуштуу кыргыздардын оозеки чыгармачылыкка бай экендигин белгилеп көрсөтүү менен алардын ичинде өзгөчө орунду "Манас" эпосу ээлерин белгилеп келип, эпостун ыр түрүндө жаралгандыгы элибиздин көркөм сөзгө бай, көркөм ойлоосу бийик экендигин белгилеп,

көрсөтөт. "Манас" эпосунун дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларынан көлөмү жагынан теңдешсиздигин көркөм жана так фактылар аркылуу далилдеп көрсөтүп, окурманды ал ой-пикирлерине ынандырат [3, с. 212-231].

Ошондой эле “Манас” эпосунун курама вариантына жазган баш сөзүндө эпостун адегенде көлөмү чакан, кара сөз түрүндөгү чыгарма болушу ыктымал деген божомолду айтуу менен ал бара-бара кеңейтилип, бутактанып, көптөгөн башка чыгармаларды ичине сиңирип, көптөгөн доор, мезгилдердин изин камтып, маалыматтары менен байып, циклдештирилип, уландылары пайда болуп отуруп бүгүнкү көлөмдүк, көркөмдүк деңгээлине жеткен жолун белгилеп көрсөтөт. Эпостун үч бөлүмүнүн сюжеттик жана образдар системасына талдоо жүргүзүү менен көркөмдүк өзгөчөлүгүнө токтолот. Ошондой эле окумуштуу "Манас" секторунда илимий кызматкер болуп жүргөндө эпостун Сагынбай менен Саякбайды варианттарын (бул жерде тырнакча коюлбайт,бөтөн сөз эмес, адашылып коюлуп калыптыр) кыргыз жана орус тилдеринде илимий негизде Москвадан бастырып чыгарууну колго алып, аны абийирдүүлүк менен ишке ашырат.

Улуу окумуштуунун көзү өткөндөн кийин Кыргыз ССРинин ИАсынын Тил жана адабият институту окумуштуунун “Тандалган эмгектерин” Илим басмасынан 1985-жылы басып чыгарышты. Эмгек эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү “Кыргыз или боюнча эмгектер” деп аталып анда жогорку окуу жайларынын кыргыз филология факультеттери үчүн окуу куралы катары жазылган “Кыргыз диалектологиясы” бөлүгүндө диалектология тууралуу илимий-теориялык материалдар 5 бапта берилген. Киришүүнүн 1-бабында “Диалектология илими жөнүндө кыскача маалыматтар, 2-бабында “Диалектилер жана улуттук тилдер”, 3-бабында ал “Тилдердин транскрипциясы”, 4-бабында “Тектеш тилдердин системасындагы кыргыз тилинин орду”, 5-бабында “Кыргыз тили жана анын диалектилери”, *Экинчи бөлүк* – Фонетикада кыргыз диалектилеринин вокализми, кыргыз диалектилеринин консонатизми, *Үчүнчү бөлүк* – Морфология, *Төртүнчү бөлүк* – Лексика, *Бешинчи бөлүк* – Диалектилерди изилдөө методдору тууралуу илимий-теориялык аныктамалар берилет. Буларга кошумча жаңы алфавиттин проектиси, кыргыз адабий тилинин маанилүү маселелери, кыргыз тилин изилдөөнүн абалы жана кезектиги милдеттери, адабий тилдин диалектикалык базасы, кыргыз диалектологиясы боюнча программа, орфоэпиянын негизги принциптери, кыргыз тилин изилдөөнүн абалы тууралуу илимий-практикалык тажрыйбаларын, баалуу пикирлерин айтуу менен сунуштайт.

Тандалган эмгектердин экинчи бөлүгү “Манас” эпосу боюнча эмгектер” деп аталып, анда “Манас” эпосунун кыргызча кыскартылып, бириктирилип басылган 4томдугуна жазылган баш сөзү [7, с.391], “Манас” эпосунун өзбекче басылышына карата жазылган кириш сөзү берилип [6, с.433], андан кийинки “Улуу эпос жана укмуштуу жомокчу” [7, с.472] деген макаласында залкар манасчы Саякбай Каралаевдин манасчылык чеберчилиги жөнүндө баяндалат. Ошентип айылдык темир устанын баласы Болот Мураталиевич кыргыз тили жана адабияты, түркология илимдери менен эриш-аркак “Манас” эпосун изилдеп, кыргыз илим таанусуна эбегейсиз эмгегин калтырган улуу окумуштуу.

**Кортунду**

Улуу окумуштуунун артында атын чыгара турган туягы болбосо да, өзүнүн филология илимине сиңирген эмгеги менен Кыргыз тарыхында аты өчпөгөн монументалдуу эстелик тургузуп кеткендиги кыргыз коомчулугун кубандыра тургандыгын анын 130дан ашык эмгектери далилдеп турат. Башкасын айтпаганда да эгерде хронологиялык тартипте аттарын атабай эле айта турган болсок :1935-40-жылдары Балдар үчүн жазылган

“Алиппеден” тышкары Кызыл Кыргызстанга чыккан 2 макала, 1946-жылы – 3, 1947-жылы – 3, 1948-жылы – 3, 1949-жылы, 1950-жылы – 8, 1951-жылы – 1, 1952-жылы – 4, 1954-жылы – 4, 1955-жылы – 4, 1956-жылы – 5, 1967-жылы – 1, 1958-жылы – 5, 1959-жылы – 7, 1961-жылы – 3,1962-жылы – 4, 1963-жылы – 4, 1964-жылы – 3, 1965-жылы – 6, 1966-жылы – 6, 1967-жылы – 5, 1968-жылы – 8, 1969-жылы – 3, 1970-жылы – 2 макалалары жарыяланган [7, с.489-507]. Өлгөндөн кийин ЖОЖдордун кыргыз филологиясы факультеттери үчүн 1971-жылы 292-беттен турган “Кыргыз диалектологиясы” аттуу окуу куралы жарык көргөн. Улуу окумуштуу жана коомдук ишмер кайталангыс талант – Болот Мураталиевичтин артында калган бул эмгектери анын өлбөстүгүн айгинелеп, эртеңки муунубуз үчүн үлгү болуп саналаары айныгыс көрүнүш. Деги эле макалабыздын аты айтып тургандай болгону айылдан чыккан темир устанын баласы ушундай илимий диапозону кеңири окумуштуулук даражага жетишине жана коомдук ишмер болушуна анын талыбаган мээнеткеч мүнөзү, изденгичтиги, алдыга умтулуучулук активдүү турмуштук позициясы анын атын “түбөлүктүүлүк” дарасына жеткирип, артында монументалдуу эстелик тургузуп кеткендиги менен баалуу. Мындай мүнөздүк касиет бүгүнкү жаштарыбыз үчүн үлгү жана ала турган сабак экендигин айдан ачык  ишеничтүү белгилесек болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук / Башкы редактор Б.Ө.Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1977-1980, т.6, 627-628 бб.
2. Киргизский героический эпос “Манас" // История Киргизской ССР. – Фрунзе: Кыргызстан, 1968, т. 1, с.484-294.
3. Киргизский героический эпос “Манас" // "Манас" – героический эпос кыргызского народа". – Фрунзе, 1968, с. 212-231.
4. "Манас" эпосунун Өзбекче басылышына кириш сөз. – Ташкент, 1964, 5-23-беттер.
5. Манас энциклопедия.– Бишкек, 2-том, 1995, 379-380-бб.
6. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк: Мектеп окуучулары үчүн. – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы Редакциясы, 1990, 113 б.
7. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. – Фрунзе: “Илим” басмасы, 1985, 3; 4; 391; 433; 489-507-бб.